Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын мамлекеттик жана укук институтунун, Ж.Баласагын Кыргыз Улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин кандидаты, доцент Төрөмырзаев Темирлан Төрөмырзаевичтин изденүүчү Кудаярова Барнохан Анваровнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык ишине берген

# КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Кудаярова Барнохан Анваровна тарабынан берилген “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Б.А. Кудаярованын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин адистигине туура келет.

Аталган Диссертациялык иште Кыргыз Республикасында аялдарга болгон үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, алдын алууга байланышкан коомдук-социалдык жана ички үй-бүлөлүк мамилелердин жыйындысын изилдөөгө алынып жана бул изилдөө 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы No 235 токтомуна 1-тиркемесинде, 1.2., 1.3., 1.4., 1.7., 1.8., 1.9., 1.10., 1.11., 1.13., 1.30., 2.1. пункттарына, илимий адистиктердин паспорттору 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы толук ылайык келет.

Диссертациялык иште мындай маселелер, үй-бүлөлүк зомбулук проблемасын изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери, Кыргыз Республикасындагы аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун генезиси жана маңызы, аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун илимий-укуктук изилдөөлөрү, аялдарга карата зомбулуктун алдын алуунун эл аралык жана улуттук механизмдери каралат: ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча эл аралык жана чет өлкөлүк мыйзамдар, Кыргыз Республикасында аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун укуктук механизмдери, Кыргыз Республикасында

аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча профилактикалык иш-чаралардын ролу, аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан с сактоо жана коргоо боюнча профилактикалык иш-чаралардын жалпы социалдык аспектилери, аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча алдын алуу чараларынын укуктук механизмдери.

**2. Диссертациялык иштин максаты** болуп социалдык-укуктук көрүнүш катары зордук-зомбулукка теориялык жана укуктук талдоо, аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо проблемасы жана бул маселе боюнча улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгү милдеттер коюлуп, чечилген:

- социалдык-укуктук көрүнүш катары аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун укуктук табиятын изилдөө;
- аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулукту укуктук аныктоого теориялык ыкмаларды талдоо;
- аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча эл аралык жана чет өлкөлүк мыйзамдарды изилдөө;
- Кыргыз Республикасында аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун укуктук механизмдерин ачып берүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо боюнча жалпы социалдык-укуктук чараларды аныктоо;
- аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун укуктук механизмдерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин материалдары изденүүчү изилдөөнүн жүрүшүндө аталган милдеттерди толугу менен ишке ашыруу аркылуу коюлган максатка жете алгандыгын айгинелеп турат.

Диссертациялык изилдөөнүн объекти болуп Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону камсыз кылуу чөйрөсүндө келип чыккан коомдук мамилелер.

Диссертациялык изилдөөнүн предмети - эл аралык-укуктук актылар, Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдары.

Диссертациялык изилдөөнүн ыкмалары. Изилдөөнүн методологиялык негиздерин коомдук жашоо-турмуштун ар кандай жагдайларын изилдөөгө алуучу таанып-билүүнүн диалектикалык методдору түздү. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы илимий методдор (анализ, синтез, изилдөө иштерине карата системалык жана структуралык мамиле жасоо ыкмалары жана башкалар) активдүү колдонулду. Ошондой эле, төмөнкүдөй жекече илимий методдор: тарыхый, системалык-структуралык, салыштырма-укуктук, формалдуу-логикалык, укуктук моделдөө, документалдык, статистикалык жана башка ушул сыякту ыкмалар ылайыгына жараша орду-орду менен пайдаланылды.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Үй-бүлөлүк зомбулук мамлекеттик үй-бүлө саясатынын үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо жана жагымдуу үй-бүлөлүк жашоо образын түзүү

максаттарына карама-каршы келет, ал жаштардын никеге туруусуна түрткү берет жана алардын репродуктивдүү мамилелерин бузат.

Үй-бүлөдөгү зомбулук көйгөйү өзүнүн актуалдуулугун анын жашыруун мүнөзү үй-бүлөнүн баалуулугун гана эмес, балалык баалуулуктарды да төмөндөтүп, жаштардын демографиялык мамилелеринин төмөндөшүнө таасирин тийгизгендигинде билдирет.

Аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү биздин коомдо орун алган жыныстар ортосундагы дисгармонияны чагылдырат. Анын катаалдыгы социалдык жана моралдык абалдын начардыгын, кыргыз коомунда аялдын өзүн толук корголгон жана эркин сезе албагандыгын көрсөтүп турат.

Каралып жаткан маселеде үй-бүлөдөгү зомбулуктун тигил же бул түрүндөгү көрүнүштөрүнө дуушар болгон же потенциалдуу дуушар болушу мүмкүн болгон аялдар субъекти болуп саналат. Белгилей кетчү нерсе, эгерде ал зомбулуктун курмандыгы болгон адамдын туруктуу материалдык жыргалчылыгын гана эмес, анын экономикалык көз карандысыздыгын, укуктук кепилдиктерин, инсандын социалдык абалын жана анын психикалык абалын камсыз кылганда гана социалдык-экономикалык коопсуздукту эффективдүү деп айта алабыз.

Үй-бүлөдөгү аялдарга зомбулук көйгөйүн жеңүү боюнча иш-чаралар ар кандай жардам көрсөтүү чөйрөлөрүнүн адистерин, мамлекеттик социалдык кызматтарды жана коммерциялык эмес уюмдарды тартуу менен профилактиканын ар кандай чөйрөлөрүн камтышы керек, алардын иши системалуу, өз ара аракеттенүүгө негизделген жана ар кандай юрисдикциялардагы ар кандай максаттуу болушу керек.

Үй-бүлөдөгү зомбулук өзүнүн таралуу динамикасында, ага каршы туруу үчүн институционалдык уюштуруунун формаларынын жана ыкмаларынын ар түрдүүлүгү менен изилденет.

Бирок аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун жайылышын өзүнөн-өзү жана конкреттүү факторлордун кесепети катары гана эмес, ошондой эле социалдык-маданий экономикалык чөйрөнүн абалынын өзгөрүшү менен шартталган, социалдык- чөйрө өбөлгөлөрү бар процесс катары изилдөө зарыл. Ошондо гана бул көйгөйдү алдын алуу чараларын эффективдүү ишке ашырууга тийиш.

Бул көз караштан алганда, аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү мезгил-мезгили менен коомдук талкуунун предметине айланат, бирок юридикалык теория багытында диссертациялык деңгээлинде иш жүзүндө изилденбеген. Бул изилдөө бул боштукту толтурууга багытталган.

## 3. Илимий натыйжалар

Иште юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

### 3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегиндеги илимий жаңылыгы.

**1-натыйжа.** Зордук-зомбулуктун белгилерин теориялык жана тарыхый изилдөөнүн натыйжасында автор аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук

патриархалдык коомдо кылмыш деп эсептелген эмес деген тыянак чыгарган. Натыйжа **жаңы.**

**2-натыйжа.** Автор аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук, биринчи кезекте, кылмыш-жаза мыйзамы менен чектелбеген социалдык-укуктук көрүнүш экенин далилдейт, жана автордук аныктамасын сунуштайт. Натыйжа **жаңы.**

**3-натыйжа.** Аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү жана алдын алуу механизмдерин караган бирдиктүү эл аралык укуктук документтин жоктугуна байланыштуу аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенцияны кабыл алуу сунушталган. Бул натыйжа **жаңы.**

**4-натыйжа.** Эл аралык деңгелде аялдардын статусу боюнча Комиссиянын жана аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча Комитеттин функцияларын мамлекеттердин өз милдеттерин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү гана эмес, ошондой эле алардын аткарбаганы үчүн санкцияларды аныктоо аркылуу кеңейтүү сунушталган. Бул натыйжа **жарым-жартылай жаңы**.

**5-натыйжа.** Автор аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин статусун жогорулатууну, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде туруктуу органга айлантууну сунуштады. **Натыйжа илмий жаңылык мүнөзгө ээ**.

**6-натыйжа.** Аялдарды зомбулуктан коргоонун эффективдүү системасын түзүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жана аялдардын укуктары боюнча маалымдуулукту жогорулатуу боюнча параллелдүү институттук реформаларды жана практикалык чараларды киргизүү сунушу негизделген. Натыйжа **жаңы**.

### 3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө

**1-натыйжа.** Диссертацияда зордук-зомбулуктун белгилерине кеңири теориялык жана тарыхий талдоо жүргүзүлгөн. Натыйжа ишенимдүү деңгээлде иштелип чыгылган. Анын жаңылык жана ишенимдүүлүк деңгээли үй-бүлөлүк зордук-зомбулу патриархалдык коомдо кылмыш деп эсептелген эмес деген тыянак чыгаргандыгы менен белгиленет.

**2-натыйжа.** Аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук, биринчи кезекте, кылмыш-жаза мыйзамы менен чектелбеген социалдык-укуктук көрүнүш катары, автордук аныктамасын сунуштоо натыйжасы **ишенимдүү деңгээлде түптөлгөн.** Анын ишенимдүүлүк даражасы үй-бүлөлүк зомбулуктун баардык түрлорүн белгирин теоретикалык талдоосу менен шартталган.

**3-натыйжа.** аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенцияны кабыл алуу сунуш натыйжасы **да ишенимдүү даражада** иштелип чыгылган. Аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү жана алдын алуу механизмдерин караган бирдиктүү эл аралык укуктук документтин жоктугунан улам автор тарабынан негизделген сунуш.

**4-натыйжа.** Эл аралык деңгелде ялдардын статусу боюнча Комиссиянын жана аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча Комитеттин

функцияларын кеңейтүү сунушу негизделген. **Натыйжа ишенимдүү деңгээлде**.

**5-натыйжа.** Автор аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин статусун жогорулатууну, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде туруктуу органга айлантууну сунунушталган. **Натыйжа ишенимдүү.** Сунушталган бул натыйжа "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган профилактика чараларын жергиликтүү деңгелде аткаруунун тажрыйбасын талдоо жүргүзүүнүн негизинде алынган.

**6-натыйжа.** Аялдарды зомбулуктан коргоонун эффективдүү системасын түзүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жана аялдардын укуктары боюнча маалымдуулукту жогорулатуу боюнча параллелдүү институттук реформаларды жана практикалык чараларды киргизүү сунушталган. Бул натыйжа да **ишенимдүү даражада** түптөлгөн, анткени азыркы иштеп турган профилактикалык чаралардын тизимин изилдөөсүн жыйынтыгында келип чыккан.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.** Диссертациялык иштин материалдарында келтирилген теориялык жоболордун бул багытты келечекте андан ары изилдөөчүлөр үчүн колдонулуу мүмкүнчүлүгүндө. Диссертациялык иште үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун теориялык-прикладдык жактары ачылды. Биз изилдөөгө алып жаткан негативдик социалдык-укуктук көрүнүшкө, анын түрлөрүнө жана формаларына, келип чыгуу себептерине терең жана ар тараптуу теориялык баа берилди.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

Диссертация ички биримдикке ээ жана белгиленген көйгөй боюнча бир катар илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып, автордун юридика илимине кошкон жеке салымынын маанилуулугун тастыктайт. Автордун сунуштары жана тыянактары изилденген аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун актуалдуу илимий-теоретикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Изилдөө өз алдынча бирдиктүү мүнөзгө ээ, бардык суроолор логикалык ылайыктуулукта түзүлгөн, коюлган максат менен өз ара ички байланышка ээ.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** тиешелүү уюмдар менен мекемелерге, жалпы эле коомчулукка, сот жана күч органдарына тийиштүү сунуштардын берилгендигинде.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун жалпы мамлекеттик саясатында профилактикалык жумуштарды оптималдаштыруу зарылчылыгы белгиленген.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда жана аны түп тамырынан жок кылууда эскиден калган патриархалдык түшүнүктөрдөн жана салт-санаалардан биротоло арылуу зарыл.

Диссертациялык иште келтирилген сунуш-пикирлерди үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, ага каршы күрөш жүргүзүү багытында укук коргоо жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын активдүү колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу.

Диссертациялык иштин материалдарында берилген теориялык-практикалык жоболордун орто жана жогорку юридикалык окуу жайларында колдонулуусу.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат диссертация сыяктуу эле кыргыз тилинде даярдалып, бирдей мазмундагы кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеге ээ.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык иште жетишилген ийгиликтер менен биргеликте мүчүлүштүктөр да жок эмес. Эксперттик текшерүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй мүчүлүштөрдү белгилөөгө болот.

1. Автор жергиликтүү комитеттердин статусун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде туруктуу башкаруу органдарына айландыруу аркылуу жогорулатууну сунуштайт, мында анын мүчөлөрүнүн ведомстволор аралык мүнөзү эске алынбаган. Автор сунушталган органдын укуктук статусун толугу менен мүнөздөш керек.

2. Аялдарды зомбулуктан коргоонун натыйжалуу системасын куруу үчүн автор параллелдүү институционалдык реформаларды киргизүүнү сунуштаган, бирок бул багытта жаңы механизмдерди түзүү же иштеп турган тизимдеги механизмдерди жакшыртууну конкреттүү чечмелеп бергени, диссертациянын теориялык-практикалык деңгелин жогорулатмак.

3. Диссертациялык изилдөөнүн текстинде кээ-бир стилистикалык берүүдөгү каталар орун алган.

Бирок, көрсөтүлгөн бул мүчүлүштүктөр сунуштама мүнөздө болуу менен диссертациялык иштин баалуулугун эч бир төмөндөтпөйт.

**7. Сунуштар:**

1. Диссертациялык ишти жана авторефераттарды талапка ылайык тариздөөнү жүргүзүү.

2. Мүмкүн болушунча көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү жоюу боюнча диссертациялык ишке түзөтүүлөрдү (толуктолорду) киргизүү

**8. Сунуштамалар:**

1. Диссертацияда аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоонун укуктук механизмдерин ишкее ашырууда анын субъекттерин кызматташууга, коммуникацияга жана маалымат алмашууга негизделген чараларды ишке ашырууга багытталган системалуу биргелешкен иштерди талдоого алуу диссертациянын мазмунун толуктоого жана анын баалуулугун көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

**Биринчи расмий оппонент: Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна** юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын мамлекет жана укук институтунун улук илимий кызматкери (12.00.01), сунушталсын. Анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Монография «Кыргыз Республикасынын адам укуктарынын камсыз кылуунун мамлекеттик укуктук механизми» 2014г.;

2. Адам укуктары жана укуктук мамлекеттеги конституциянын эл аралык нормаларынын функциялары.- Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.-2016г.-№7.- С.196-202;

3. Мамлекет институттук тузулуш катары жана эл аралык адам укуктары чойросундогу социалдык саясат.- Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.-2016г.-№7.- С.207-213;

4. Кыргыз Республикасында коомду демократиялаштыруу жана эл аралыкаталгы тануудa- жарандык укуктар.- Известия вузов Кыргызстана.- №1.-2017г. С.144-149;

**Экинчи расмий оппонент: Уметов Кадырбек Акунович** юридика илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы КУУнун юридикалык институтунун мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти (12.00.01) сунушталсын. Анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Цифровое правосознание общества в контексте правовой политики Киргизской Республики. Бюллетень науки и практики 6 (9), 288-292

2. The Use of Legal Intersectoral Terminology in the Process of Improving Legislation, Legislative Innovations on the Responsibility of Legal Entities in the Conditions of the Sovereignty of Kyrgyzstan.- Institute of Scientific Communications Conference.-331-337.- Springer International Publishing

***Жетектөөчү уюм***: УНПК Кыргызстан Эл аралык университетинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы сунушталсын (дареги: Бишкек ш., Л. Толстой көч., 17а/1).

**9. Корутунду:**

Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык иши жана алынган натыйжалар бири-бири менен өз ара ички байланышка ээ жана бул чөйрөдөгү теориялык изилдөөлөрдү объективдүү талдоонун негизинде келип чыккан. Диссертациялык иштин натыйжаларынын ички биримдиги иштин максатын аныктоо жана коюлган маселелер менен бышыкталган. Диссертациялык иш анда иштеп чыгылган теориялык тыянактардын логикалык удаалаштыгы жана негиздүүлүгү менен мүнөздөлүп, колдонмо мүнөзгө жана мазмунунун өз ара байланышкан композициясына ээ, булардын баары автордун жеке салымын күбөлөндүрөт. Изилденген чөйрөдөгү аныкталган көйгөйлөрдү укуктук мейкиндикте чечүүнүн сунушталган жаңы ыктоолору жетиштүү деңгээлде аргументтелген жана буга чейинки белгилүү болгон чечимдерге салыштырмалуу сын көз-караште бааланган. Диссертация аталган көйгөй

боюнча ички биримдикке ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду, көйгөйлөрдү чечүү боюнча практикалык сунуштамаларды камтыйт, булар да автордун юридика илимине кошкон жеке салымын тастыктайт.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти** сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын мамлекеттик жана укук институтунун, Ж.Баласагын Кыргыз Улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Кудаярова Барнохан Анваровнанын “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык ишин жалпы эл алдында коргоого кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү,**
юридикалык илимдерин кандидаты, доцент **Төрөмырзаев Т.Т.**

“31” январь 2025-жыл

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**
Диссертациялык кеңештин
окумушту катчысы,
юридика илимдеринин доктору Жылкичиева К.С.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 02004199810135
Ф.И.О. / Аты жөнү Төрөмырзаев Т.Т.
КОЛ ТАМГАСЫН ЫРАСТАЙМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
Зав. ОК
Ф.И.О.
«___»________20__
ОТДЕЛ КАДРОВ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ